DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 2, 2022

*Ташибекова З.М., Мырзабекова С.С., Кайнаева Ж.А.*

# «БЕШ-ТАШ» МАМЛЕКЕТТИК УЛУТТУК ЖАРАТЫЛЫШ ПАРКЫНЫН ӨСҮМДҮКТӨРҮНҮН КӨП ТҮРДҮҮЛҮГҮ

*Ташибекова З.М., Мырзабекова С.С., Кайнаева Ж.А.*

# МНОГООБРАЗИЕ РАСТИТЕЛЬНОСТИ ГОСУДАРСТВЕННОГО НАЦИОНАЛЬНОГО ПРИРОДНОГО ПАРКА «БЕШ-ТАШ»

*Z. Tashibekova, S. Myrzabekova, Zh. Kainaeva*

# VARIETY OF VEGETATION OF THE STATE NATIONAL NATURAL PARK «BESH-TASH»

*УДК: 629.5.023.84*

*Беш-Таш мамлекеттик улуттук жаратылыш паркынын узундугу 30 чакырым, Талас шаарынан 25 чакырым түштүк тарапта жайгашкан. Жаратылыш зонасы абдан кооз аймакты ээлейт - 32 миң гектардан ашык. Өсүмдүктөрдүн жана фаунанын болуп көрбөгөндөй көп түрдүүлүгү Кыргызстандын бул бурчун чындап эле уникалдуу кылат. Бул жерде өсүмдүктөрдүн 1000ден ашык түрү өсөт жана сейрек кездешүүчү жаныбарлар бар. Улуттук парктын аймагында 3000 метрге жакын бийиктикте бийик тоолуу Беш-Таш көлү бар, бул Кыргызстандын бул жерин ого бетер кооз кылып турат. Биосферада гетеротрофторду органикалык азык зат менен камсыз кылган биринчилик продуценттер өсүмдүктөр болуп эсептелет. Флоранын мааниси жаратылышта фаунага түздөн түз таасир этет. Бул макалада өсүмдүктөр бийиктик алкактуулук мыйзам ченемдүүлүк ирээти менен каралган.*

***Негизги сөздөр:*** *флора, алкактуулук, шалбаа, талаалар, бадал, токой, ареал, альп, зона, биргелештик.*

*Государственный национальный природный парк «Беш-Таш» протяженностью 30 километров находится в 25 километрах к югу от Таласа. Природная зона занимает огромную живописную территорию – более 32 тысяч гектаров. Небывалое разнообразие флоры и фауны делает этот уголок Кыргызстана поистине уникальным. Здесь произрастает больше 1 000 видов растений и водятся редкие животные. На территории национального парка на высоте около 3000 метров находится высокогорное озеро Беш-Таш, которое делает это место еще прекраснейшее в Кыргызстане. Именно растении являются первичными продуцентами органического вещества в биосфере обеспечивая пищей гетеротрофов. В природе значение флоры на прямую влияет на фауну. В этой статье растения рассмотрены в закономерности с высотной зональностью.*

***Ключевые слова:*** *флора, зональность, луга, поле, кустарник, лес, ареал, альп, зона, сообщество.*

*The Besh-Tash State National Natural Park, 30 kilometers long, is located 25 kilometers south of Talas. The natural zone occupies a huge picturesque territory - more than 32 thousand hectares. The unprecedented diversity of flora and fauna makes this corner of Kyrgyzstan truly unique. More than 1,000 species of plants grow here and rare animals are found. On the territory of the national park, at an altitude of about 3000 meters, there is a high-mountainous lake Besh-Tash, which makes this place even more beautiful in Kyrgyzstan. It is plants that are the primary producers of organic matter in the biosphere, providing food for heterotrophs.*

***Key words:*** *flora, zoning, meadows, field, shrub, forest, range, alps, zone, community.*

Талас өрөөнүнүн өсүмдүктөр дүйнөсүнүн көп түрдүүлүгү, түрдүк курамы аз изилденген аймактарга кирет. Бул аймактагы өсүмдүктөрдүн көп түрдүүлүгү боюнча изилдөөлөр А. Молдояровдун «Растительность бассейна р.Калба и ее хозяйственное значение» деген эмгегинде гана өсүмдүктөрдүн түрдүк курамы берилгенин көрө алдык. Талас өрөөнү боюнча жүргүзүлгөн илимий изилдөө иштерде изилденген аймактын флора жана фаунасына илимий иликтөө жүргүзүү келечектин талабы.

«Беш-Таш» мамлекеттик улуттук жаратылыш паркынын өсүмдүктөр көп түрдүүлүгү Талас өрөөнүндө ар түрдүү келип, геоботаникалык жактан Түндүк Теңир Талас регионуна тиешелүү. Алар жогорку зоналдуулук ченемдүүлүккө баш ийип жана башка тоолу тундра өсүмдүктөрүнөн турат. Бул жаратылыш паркынын жерине жараша өсүмдүктөрү да тоонун беттеринде төмөндөн жогору көздөй ар түрдүү алкактарды түзөт. Ар бир аймакка мүнөздүү жана көпчүлүк кездешкен өсүмдүктүн биоартүрдүүлүгү ар кандай, кадимки зоналдуулукту алсак анда ар бир зонада өсүмдүк биргелештиктердин бир эле түрү басымдуулук кылат, бирок биздин Орто-Азиянын тоолорунда температуралык градиентке жана экологиялык шарттардын тез-тез өзгөрүп турушуна байланыштуу бир нече түрдөгү өсүмдүктөр коомдоштугу биригип бир алкакты түзүшөт [3].

Орточо бийиктиктеги шалбаа өсүмдүгү – тоо беттеринде анчалык чоң эмес массив түрүндө өсүп дан өсүмдүктөр тукумундагы уруулардан (лат. *Botrhiocloa*) турат. Алардын негизги ареалы Беш-Таш сууларынын жээктери болуп саналат [5].

Шалбаалуу талаа өсүмдүктөрү – флоралык курамында борозду бетеге – (*FestucaSulata*), кадимки адрашман - (*Pegannumharmala*), жылаңач каз таман - (*P.evestita*), тыйын чанак - (*H.montanum*) басымдуу - лук кылат. Шалбаалуу талаа өсүмдүктөр – 2300-2800 м. деңиз деңгээлиндеги бийиктикте өсөт. Бул бийиктикте арча токойлор - Талас арчасы (*J.Talassika*) ошондой эле карагай - (*Piceaabiss* ), көк карагай (*Piceapungens*) чакан аянттар түрүндө кездешет. Субальпы шалбаа өсүмдүктөрү – көбүнчө тоолордун түндүк беттеринде 2600-3000 м. деңиз деңгээлиндеги

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



бийиктикте чоң эмес аянттарды ээлейт, фломис - зонтик клубненосный - (*Phlomistuberose, Phlomisrusseliana*), каз таман - (*P.evestita*) турган өсүмдүктөр басымдуулук кылат. Негизинен шимүүр - (*P.hpratensis*), каз таман - ( *Pnivea*) ж.б. Көп учурда субальпы шалбаасы менен бадалдар жалпак арча аралаш өсөт.

Альпы шалбаа өсүмдүктөрү – тоолордун 3000-3200 м. деңиз деңгээлиндеги бийик жерлерде анча көп эмес аянтты ээлейт. Альпы шалбаасы Талас Ала-Тоосунун түндүк капталында кездешет.

Мезофилдик шалбаа өсүмдүктөрүнүн курамында альпы жылганы – осока альпийская – (*Carex atrata*), кара гүлдүү ыраң – Гиацинт черноцветный-(*Hyacinthus*), мекери кызымдык – осока гигантская-(*Cyperus ustulatus*), альпы сымалкаакым – Одуванчик альпийский – (*Taraxacumalpinum*), суукчул примула-примула холоднокровная – (альпы астрагалы – астрагал альпийская (*Astraugalus*), тарамыштуу каз таман-крыжовник скальный – орточо чекенди-осока среднеросл я – (*E. Intermedia*), кыркмуун сымал чекенди – (*E. Egusetika*), байчечекей (*Crocus*) кездешет. Альпы талаасы Талас тоосунун түндүк капталында массив түрүндө кездешет. Алардын негизинен бетегелүү, бетеге шыбактуу, бетеге – айгыр жыгар өсүмдүк формациялары түзөт . Альпы талааларынын флорасы жапыз тоо беттериндеги талааларга караганда аз санда кездешип, бетеге – түркестан ыраңы, альпы кымыз көбүргөн ж.б өсүмдүктөр өсөт. Жогорку аска-зоолордун, күнгөй жерлериндеги муздак тоолу тундра зоналарында жер жаздык өсүмдүктөрдөн бирин-серин өсөт.

Беш-Таш» мамлекеттик улуттук жаратылыш паркынын дөңдөрүндө боз шыбактуу – (*Artemisia Porrecta*), эрте жаздагы эфемерлер – (*Malcolmia Turctanica*) менен эфемероиддер – (*Carexpachystilis, Bromustectorum*) ж.б. кездешет. Андан жогору карай ачык күрөң топурактуу капталдарда болсо кылкандуу (*StipaCapilata*) жана бетегелүү- (*Festucasulcata*) талаалар алкагы калыптанган. Талаалуу капталдардын негизги өсүмдүктөрү бир үлүштүү дан гүлдүүлөрдөн болуп, басымдуу көпчүлүгү ак кылкан-(*S.capillata*) менен бетеге – (*F.sulcata*) анча жыш өспөсө да эки үлүштүүлөрдүн көп түрлөрү бар. Майда топурактуу жарлардан аю кулактар (*Verbascum Thapsus*), ойдуң жерлерден, каз тамандар -(*Geraniumcollinium*), райкан чөптөр-(*Origanumvulgare*), сары чай – (*Hypericumperforatum*) чөптөр кездешет, тоолордун таштуу беттеринен топ-топ болгон чийенин - (*Cerasustianshanica*), анда санда жайылып өскөн боз карагай - (*Atophaxispyrifolia*) өсөт. Андан ары капчыгай капталдарында 2200-2600 м. бийиктикте шалбаалуу-талаалар жайыты жайгашат.

Деңиз деңгээлинен жогору жердин физикалык, географиялык абалы өзгөрүп, рельефке жараша климаты жана экологиялык факторлордун өзгөрүшүнө карай өсүмдүктүн түрлөрү, өсүмдүк каптоосу дагы өзгөрөт. Талаалар тоонун бийиктигинде шалбаалуу-талааларга алмашылат да, жаан-чачын көбөйүп, температура төмөндөйт, ксерофиттер менен кошо мезофиттер өсүмдүктөрдүн өнүгүшүнө шарт түзүлүп шалбаалар тиби өркүндөп өсөт. Ушундай учурда шалбаалуу талааларда бетеге менен катар айрым мезофит өсүмдүктөр да кездешешет. Бетеге жана каз тамандын түрү – (*G.collinum* ) көп кездешет. Рельефтин ойдуңдарында нымдуу жерлерде өсүүчү жылган түрлөрү - (*Poapratensis*) бадалдардын арасынан ак соктонун - (*Dactyrisglomerafa*), түлкү куйруктун - (*Alopecuruspratensis*) өскөнү байкалат. Мезофит бадалдардын түрлөрүнөн ит мурун - (*Rosaalaica Rontetilla*), шилиби - ( *Lonicerakarelinii*), табылгы - (*Spireahyhericifolia*) өсөт. Эки үлүштүү чөп өсүмдүктөрдөн кулунчак - (*Eremurus*), көкөмерен - (*Zizifora*), астрагал - (*Astraugalus*), шыралжын - (*Artemisia drakunculus*), чакмак куурай - (*A.Vulgaris*), топчу баш - (*Malva*) ж.б. Ал эми андан жогору карай тоолуу күрөң топурактарда субальпы шалбааларда 2700-3000 м. деӊ. д. бийиктиктерде субальпы алкагы жайгашат. Илгертен геоботаникалык адабияттарда тоолу жерлерде субальпы жана альпы шалбаалары деген түшүнүктөр колдонулуп келе жатат. Бир гана академик К.З. Закиров [7] Зеравшан суусунун абалынын өсүмдүк каптоосун жазганда Орто Азия элдеринин колдонуп келген айрым түшүнүктөрүн биринчи жолу атайын илимий адабияттарда колдонуп тоолордун алкактарын атаганда – чөл, адыр, тоо, жайлоо деген сөздөрдү колдонгон. Биз деле ушул принципти колдонуп субальпы алкагын, жойлоодо андан жогору жайгашкан бийик тоолуу жерлерди, чокулар, мөңгүлөр алкагы десек болмок. Биз аны менен илимий жазылыштарда жергиликтүү элдин түшүнүктөрүнө жакындаштырып практикалык маанисин жогорулатууга абзел. Жайлоолордо калыптанган өсүмдүк биргелештиктер – булар негизинен мезофиттерден туруп, нымдуулукту жакшы көтөрүшөт жана төмөнкү температурада өөрчүй алышат. Басымдуу көпчүлүгү каз таман - (*G Collinum G saxatile*), көк шинүүр - (*Phlomis oreophila*), көбүргөндөр - (*Allium atrsanguineum*), тогуз төбөл –(*Alchimilla retropilosa*)түзүшөт, жердин бетин жыш каптаган эң эле көп кездешкендер дан гүлдүүлөр жана жылгандын, өлөңдүн - (*Cartx*) түрлөрү жана башкалар кездешет. Жайлоону көркүнө келтирген шибериден - (*Phlomisalpine*), бетегенин түрлөрү жана башкалар кездешет. Жайлоонун коозудугун, ачкан шибер, бетегеден өзгөчөлөнүп гүлү сапсары ажайып кооз эки үлүштүү өсүмдүктөрү бар, ал лютиктер тукумуна кирип, нымдуулукка туруктуу келет. Ошондуктан көбүнө эсе жайлоонун ойдуң жерлеринде өсөт. Адабияттарда (КСЕ1981; 6 том) өсүмдүктү анар жаак деп аташат, орусча аты Купальница алтайская - (*Trollius Altaicus*) Беш-Таш капчы-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



гайында тоонун таманынан тартып жайлоолорго чейин сейрек дарак сымал арчалар – (*Juniperus semigobosa*) жолугат, ал эми суу жээктеп карагайлар – (*Picea tnianschanica*) *Abies Semenovii*) өсөт. Токой чарбачылыгында корукка алынганына карабастан Беш-Таш капчыгайында ийне жалбырактуу токойлор анча жыш эмес, себептери толук белгилүү эмес. Деңиз деңгээлинен 2200-4000 метрге чейинки аралыкта бийик тоолу Альпы алкагы жайгашат, топурагы тоо шалбаа топурак деп эсептелет. Бул бийиктикте тоолордун рельефи тегиз эмес, өтө ар кандай көрүнүштөр болот, бирде аска-зоолор болсо бирде тоолор менен айкалышат, топурагы да өсүмдүктүн түрлөрү да, өсүмдүк биргелештиги дагы ар кандай, бирок баардыгы чыдамдуу жапыс өсүмдүктөрдөн куралган, жалпак арча - (*JSabina*). Улам жогорулаган өсүү чөйрөсү, экологиясы өзгөрүп өсүмдүктөрдөгү физиологиялык процесстери да өзгөрөт, чөптөрү жапырайып мыйзам ченемдүү көрүнүштөрдүн себептери атайын уюштурулган стационарлардын изилдөөлөрүнүн негизинде гана чечмеленет. Беш-Таш суусунун абалына караштуу бийик тоолуу негизги флоралык курамы ар түрдүү өсүмдүктөрдөн турат, алардын көпчүлүгү мейкин талааларды түзгөндөй көрүнөт, андайларды донуз сырты – (*Cobresia humilis*), өлөң чөптөрү – (*Carex stenocarpa*), туландар – (*Pheleum alpinum*), бетеге – (*Festuca sulcata*) өсүмдүктөрдү белгилөөгө болот. Эки үлүштүүлөрдүн өкүлдөрү: козу кулактар – (*Rumex aketosa*) жана ак баштуу мекери – (*Polygonum nitens*) кездешет. Бул алкактардын айланаларында жыш өскөн жылдызчалар – (*Cerastiumcerasnodes*), тогуз төбөл – (*A retrolosa*), көбүргөн – (*Allium isemenvii*) жайгашат. Биз бул жаратылыш паркынын тоолорунун капталдарында төмөндөн ойдо карай мыйзам ченемдүү өзгөрүшүн, [7] алардын алкак түрүндө жайгашканы тууралуу кыскача маалымат берилди. Атайын алкак тузө албаган, бирок белгилүү гана алкактарда кездешкен «интерзоналдык» өсүмдүктөр биргелештиктери жана өздөрү алкак түзбөсө да «азоналдык» коомдоштуктар бар, негизинен Беш-Таш суусун бойлогон токойлор жөнүндө бир аз маалымат берүүбүз ылайык. Беш-Таш суусун бойлогоп өскөн токойлордун флорасы Талас өрөөнүнүн башка сууларынын өсүмдүктөрүнөн жана өсүмдүк биргелештиктеринен бир аз айрымаланып турат. Токойдун өскөн чөйрөсүнө деңиз деңгээлинин бийик турганына жараша калыптанат. Ошондуктан Беш-Таш суусун курчаган ажайып бадалдар, терек, тал, кайың, карагай, арча токойлору жайгашкан. Бадалдардан суу жээктеп чычырканак – (*Hippophae rhamnoides*) токойу көп кездешет. Чычырканак Беш-Таш суусун гана эмес Талас суусун бойлоп да «азоналдык» токойду түзөт. Чычырканак менен кошо айрым тал-теректин түрлөрү кездешет; талдардан – (*Sflix acutifolia, S. wilgelmsiana, S. coerulea*), теректерден – (*Populus densa, P. Talassica*) жана башка. Башка өсүмдүктөрдөн долоно - (*Crataegus altaica*), ыргай - (*Cotoneastermelanocarpa*), бөрү карагаттар - (*Berberis oblonga Bhetropoda*), карагаттардан - (Ribes *megari, R.jan czewskii*), ит мурундардан - (*Rosaalberti, R beggeriana, R. fedtschenkoana*), бүлдүркөн - (*Rubus zesius*), кожогат – (*R. ideus*) шилбилерден - (*Lonicera microphyll, L.stenatha*).

Интерзоналдуу өсүмдүк биргелештиктеринен Беш-Таш капчыгайында кайың токойлору болжол менен деңиз деңгээлинде 2000-2600 м. бийиктикте сакталып калган (*Betula turkestanica* ). Ошондой эле ийне жалбырактуу токойлор да суу жээктеп жана тоолордун тескей беттеринени орун алышкан. Булардын да курамы жогоруда айтылган өсүмдүктөрдөн турат чычырканак - (*Hippophaerhamnoides)* айрым тал-теректин түрлөрү кездешет; талдардан - (*Sflix acutifolia, S. wilgelmsiana, S. coerulea*), теректерден - (Populus densa, P. Talassica) жана башка. Башка жыгач өсүмдүктөрдөн долоно – (*Crataegus altaica*), ыргай - (*Cotoneaster melanocarpa*), бөрү карагаттар - (*Berberis oblonga Bhetropoda*), карагаттардан - (*Ribes megari, R.jan czewskii*), ит мурундардан - (*Rosa alberti, R beggeriana, R. fedtschenkoana*), бүлдүркөн - (*Rubus zesius*), кожогат - (*R. ideus*) шилбилерден - (Lonicera *microphyll, L. stenatha*), ит мурун - (*Rosa alaica Rontetilla*), шилиби - (*Lonicera karelinii*), табылгы – (*Spirea hyhericifolia*) жана башка. Ушул дарактар жана бадалдар токойдун биринчи кабатын түзөт, ал эми төмөнкү үчүнчү кабат көбүнчө чөп өсүмдүктөрдөн калыптанат, бирок чөп өсүмдүктөрдөн 3–4 өсүмдүгү мисалы; камыш - (*Pharagmites communis*) жана башка түрлөрү экинчи кабаттан орун алышат, үчүнчү кабаттын негизги өсүмдүктөрүнүн бийиктиги 10-50-70 см. ашпайт алардын саны көп, ар түркүн түрлөрдөн куралган, бирок биринчи кезекте бир үлүштүү дан гүлдүүлөр; жылган - ( *Poa pratensis*), ак сокто - (*Dactylis glomerata* ), түлкү куйрук - (*Alopecurus praensis*) эң көп кездешет, өсүмдүктө өсүп-өнүгүү мүмкүнчүлүктөрү жогору болгон бул флора климаттын, экологиялык шарттардын таасиринен көз каранды. Беш-Таш мамлекеттик улуттук жаратылыш паркынын өсүмдүктөр көп түүрдүүлүгү, флорасы фаунанын тиричилик үзгүлтүксүздүгүнө түздөн-түз таасир этип, азыктануу иретинин биринчилик иретинде жайгашкан. Бул парктагы өсүмдүктөрдүн көп түрдүүлүгүн изилдөөгө муктаждыгы бар аймак экенин баса көрсөткүм келет жана жаратылышы уникалдуулугун жоготпогон аймак катары белгилүү экенин белгилеп кетүү абзел.

**Адабияттар:**


1. Выходцев И.В. Вертикальная пояснасть растительности в Киргизии (Тянь-Шань и Алай) [Текст] / И.В. Выходцев. - М.: Изд-во АН СССР, 1956. - 84 с.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557




2. Гиляров А.М. Популяционная экология [Текст] / А.М. Гиляров - М.: Изд-во МГУ, 1990.- 190 с.
3. Культиасов М.В. Вертикальные растительные зоны в Западном Тянь-Шане [Текст] /М.В.Культиасов // Бюл. Средне-Азиат. гос. ун-та. - 1927. - Вып.14/15. – С.112–234.
4. Культиасов И.М. Особенности экологии высокогорных растений Западного Тянь-Шаня [Текст] / И.М. Культиасов. - М.: Изд-во АН СССР, 1955. – 127 с.
5. Молдояров А. Растительность бассейна р.Калба и ее хозяйственное значение [Текст] / А. Молдояров. - Фрунзе: Изд-во АН КиргССР, 1964. – 207 с.
6. Попов М.Г. Растительно-высотные пояса в горах Средней Азии [Текст] / М.Г. Попов / Дневник Ленингр. съезда ботаников. - Л., 1998. – С.45–78.
7. Закиров К.З. Флора и растительность бассейна реки Зеравшан [Текст] / К.З. Закиров. - Ташкент: Изд-во АН УзССР, 1955. - Ч.1.- 207 с.
8. Ройченко Г.И. Почвенно-географический очерк Таласской долины [Текст] / Г.И.Ройченко //Изв. АН КиргССР. Сер. биол. наук. 1960. - Т.2, вып. 1. - С. 27-63.
9. Шварц С.С. Теоретические вопросы глобального экологического прогнозирования [Текст] / С.С. Шварц / Всесторонний анализ окружающей природной среды. - Л., 1976. - С. 181-191.
10. Шварц С.С. Теоретические основы и принципы экологии [Текст] / С.С.Шварц // Современные проблемы экологии: докл. 5-ой Всесоюз. экол. конф. - М., 1973. - С. 21.31.
11. Сагынбеков Ж.С., Кайнаева Ж.А. Животные, находящиеся под охраной таласской долины. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2017. №. 11. С. 92-93.
12. Ташибекова З.М., Молдалиева Ж.Н. Распределение позвоночных животных на биоценозы государственного национального природного парка беш-таш. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2016. №. 11-1. С. 39-41.